# Токтом

Мугалим: Рыскелдиева А.З.

# Токтом

**Токтом**- мамлекеттик мааниdeги буйрук, көрсөтмөнү аткаруу боюнча кабыл алынган нормативдик документ.

- Токтом айрым учурда орусчасы постановление деп да берилип жүрөт.

**Токтомдун маалым даректери:**

1. Органдын,мекеменин аталышы
2. Мамлекеттик герб
3. Иш кагазынын аты (ТОКТОМ)
4. Иш кагаз даярдалган мекеме
5. Токтомдун катар номуру
6. Токтом бекиген дата
7. Токтомдун темасы
8. Токтомду кабыл алуунун негиздери
9. Текст
10. Токтомду аткарууга жооптуу тарап
11. Жетекчинин кызматы
12. Жетекчинин колу
13. Жетекчинин аты-жону

# 1-ҮЛГҮ

- **МЕКТЕП КУРАГЫНДАГЫ ЖАНА МЕКТЕПКЕ БАРУУЧУ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫ КАТТООГО АЛУУНУН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ НУСКАМАНЫ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ**

**ТОКТОМ**

2017-жылдын 19-июну № 388

**Мектеп курагындагы жана мектепке баруучу курактагы балдарды каттоого алуунун тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу**

"Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 31-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Мектеп курагындагы жана мектепке баруучу курактагы балдарды каттоого алуунун тартиби жөнүндө нускаматиркемеге ылайык бекитилсин.

- 2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун белгиленген тартипте киргизсин.
- 3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 14-ноябрындагы № 667 "Мектеп курагындагы балдарды жана өспүрүмдөрдү каттоого алуунун тартиби жөнүндө нускамасын бекитүү тууралуу" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.
- 4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Премьер-министр С.Ш.Жээнбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

ТОКТОГУЛ РАЙОНУ
ҮЧ-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

721620 Үч-Терек айылы, Жээналиев
көчөсү №32 тел: 5-06-44.
www.uch-terek.kg

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

УЧ-ТЕРЕКСКИЙ АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ТОКТОГУЛЬСКОГО РАЙОНА

721620 село Уч-Терек ул.Жээналиева №32
тел: 5-06-44.
www.uch-terek.kg

Үч-Терек айылдык кеңешинин VII-чакырылышынын
кезексиз XXVI сессиясы

# ТОКТОМ

03.06.2019- жыл **№ 118** Үч-Терек айылы.

Үч-Терек жайыт пайдалануучулар бирикмесинин
Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча
2019-жылга карата иш планын бекитүү жөнүндө

Үч-Терек жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча 2019-жылга карата иш планын бекитип берүү жөнүндөгү Үч-Терек айылдык жайыт комитетинин төрагасы Ж.Сатыбаевдин сунушун угуп жана талкуулап Үч-Терек айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз XXVI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Үч-Терек жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча 2019-жылга карата иш планы бекитилсин.(Иш план тиркелет)

2. Үч-Терек жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыт комитетинин жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча 2019-жылга карата иш планын ишке ашырууну камсыз кылуу жагы жайыт комитетинин төрагасы Ж.Сатыбаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин агрардык комиссиясынын төрагасы Т.Оморовго тапшырылсын.

4.Бул токтом www.uch-terek.kg сайтына жарыяланган күндөн тартып мыйзамдуу күчүнө кирет.

5.Токтом мамлекеттик тилде гана кабыл алынды.

Үч-Терек айылдык кеңештин төрагасы: А.Акаев